№80 Ш. Назаркулов атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин усулдук кеңешинин

№1 токтому

25-август 2021 -жыл

Катышты: : 1. Мектеп администрациясы
2. Усулдук бирикменин жетечилери
3. Мектеп мугалимдери

Каралуучу маселелер:

1. Усулдук кеңештин курамын, иш планын, аткарылуучу иш-чараларды карап чыгуу;
2. Мектептин усулдук темасы боюнча аткарылуучу иш-чараларды пландаштьтруу;
3. Усулдук бирикмелердеги календардык-тематикалык пландарды карап чыгуу жана бекиттирүү;
4. Декадалардын графигин түзүү жана бекиттирүү;
5. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу, курска баруучу мугалимдерди тактоо жана графигин түзүү.

Угулду:

1 -маселе боюнча мектептин директору Шукуралиева С.К. сөз сүйлөп усулдук кенештин курамына мектептин окуу тарбия иштериндеги орун басарларды жана бирикме жетекчилерин киргизүүнү сунуштады. Быйылкы окуу жылындагы иш пландары менен директордун орун басарлары ар бири тааныштырып чыгышты.

Окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жумалиева Г.А. 2021-2022-окуу жы,лынын планы менен тааныштырып, усулдук бирикмелер аткаруучу иштерди атап өттү.

2-маселеде усулдук иштер боюнча бирикмелердин жетекчиси Кенжегараева С.Р. усулдук иштер боюнча 2021-2022-окуу жылында аткарылуучу иштердин пландары менен тааныштырды.

3-маселе боюнча усулдук бирикме жетекчилеринин атынан гуманитар бирикмесинин жетекчиси Ысакова Г.Ы. сөз сүйлөп УБ жетекчилеринин ар бири шаардык билим берүү башкармалыгынын башкы адистери менен сүйлөшүп быйылкы окуу жылынын предметтер боюнча календардык-тематикалык пландары мугалимдер тарабынан түзүлүп жаткандыгы тууралуу маалымдады. Башка УБ жетекчилери дагы календардык-тематикалык пландар боюнча өзгөргөндүгү тууралуу маалымдады.

4-маселе боюнча Кенжегараева С.Р. декадалардын графиктери мене тааныштырып өттү. Декадада аткарылуучу иш-чараларга сунуштарды билдирди.

5-маселе боюнча окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басары Жумалиева Г.А. сөз сүйлөп мугалимдердин курска баруу графигин мектеп боюнча тактоону Кенжегараева С.Р.га, ал эми бирикмелер боюнча ар бир бирикме жетекчисине тапшырды.

Токтом кылынды:

1. Мектептин усулдук бирикме жетекчилери былтыркы окуу жылындагыдай калтырылсын;
2. Усулдук кенештин курамы окуу тарбия иштери боюнча директордун орун басарлары жана УБ жетечилеринен түзүлсүн;
3. Предметтер боюнча календардык-тематикалык пландар 15-сентябрга чейин бекиттирилсин.
4. Декадалардын графиктери түзүлүп 15-сентябрга чейин бекиттирилсин;
5. Мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу боюнча графиктерин усулдук иштер боюнча бирикмелердин жетекчиси түзүп, 15-сентябрга чейин бекиттирилсин.

Мектептин директору: Шукуралиева С.К.

Усулдук иштер боюнча бирикмелердин жетекчиси: Кенжегараева С.Р.